# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

## PISA - 2025

## 6-класс

### 1-БӨЛҮМ. ЛЕКСИКА. ГРАММАТИКА

**Сүйлөмдөрдү толуктаңыз.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Менин____үч кишиден турат. | А) бир тууганым<br>В) үй-бүлөм | Б) ата-энем<br>Г) ата-тегим | |
| 2. | Жаңы окуу жылына____ курулуп жатат. | А) үй<br>В) имарат | Б) мектеп<br>Г) батир | |
| 3. | Курманжан даткага “датка” деген_____ берилген. | А) сыйлык<br>В) байлык | Б) наам<br>Г) ысым | |
| 4. | Чыңгыз Айтматов–кыргыз элинин_____. | А) акыны<br>В) жазуучусу | Б) сүрөтчүсү<br>Г) скульптору | |
| 5. | _____–кооз, жашылборбор шаар. | А) Нарын<br>В) Ысык-Көл | Б) Талас<br>Г) Бишкек | |
| 6. | _____Ата Мекендик согушта _____үчүн курман болгон. | А) С.Барктабасов / жер<br>В) Б.Шаршеев / калк | Б) Ч.Түлөбердиев / эл<br>Г) Т.Байболов / адам | |
| 7. | Апам____жарма, максым жасады. | А) ундан<br>В) талкандан | Б) шактан<br>Г) кебектен | |
| 8. | Окуучулар 9-Май майрамында согуштун____гүл беришти. | А) чоң аталарына<br>В) аскерлерине | Б) ардагерлерине<br>Г) катышкандарына | |
| 9. | Туз тамактын____чыгарат. | А)көркүн<br>В)эсебин | Б) даамын<br>Г) суусун | |
| 10. | Таза____сейилдөө,____ абдан пайдалуу. | А) жерде / көзгө<br>В) абада / ден соолукка | Б) паркта / аң-сезимге<br>Г) көчөдө / уйкуга | |
| 11. | Окуучулар быйыл____жаңы _____киргендерине кубанышты. | А) мектептин / имаратына<br>В) мектеп / имарат<br>Б) мектепке / имаратын<br>Г) мектептин /имараттын | | |
| 12. | _____уйкусу катуу, ал жазга чейин чыкпайуктайт. | А) Аюунун / уясынан<br>Б) Коёндун / ийининен<br>В) Карышкырдын / үңкүрүнөн<br>Г) Аюунун / чээнинен | | |

**2-БӨЛҮМ. ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ**

**Ийнелик тууралуу билебизби?**

Латын тилинен алынган “Odonata” деген сөз биздин тилде курт-кумурскалардын түркүмүнө кирген ийнеликтин аталышын түшүндүрөт экен. Анын денесинин узундугу 14 мм, канаттарынын узундугу 10-95 мм. Андан да кызыгы - үч жуп буту көкүрөгүндө жайгашканы. Ийнеликтер өнүгүүнүн үч баскычын өтөт - жумуртка, личинка (нимфа), имаго (чоң жандык). Личинкалары сууда 1 жылдан 4 жылга чейин жашашат.

Ийнелик өзүнүн жумуртка сын суунун түбүндөгү топуракка жана өсүмдүккө таштай. Жетилген ийнеликтер жакшы учат. Ийнелик эң соргок жандык болуп, жырткыч келет. Ал өз азыгын учуп бара жатып эле кармап жейт. Ийнеликтер курт-кумурска жана алардын личинкалары менен азыктанып, пайда келтирет. Бирок өздөрү балыктарга жемболушат.

Дүйнө жүзүндө ийнеликтердин 4500дөй түрү тараган. Алар көбүнчө нымдуу тропикте жана субтропикте таралган. Ийнелик эки сааттын ичинде 40ка жакын чымын-чиркей жейт. Ушундай соргоктугу менен айырмаланган ийнеликтин тамак таап жеши оңойго турбайт. Чымынды бардык жерден табууга болсо да, ийнелик курсагын тойгузуу үчүн эртеден кечке аңчылык кылат. Ийнелик өзү назик көрүнгөнү менен активдүү учууга мүмкүнчүлүгү бар чоң курт-кумурскалар түркүмүнө кирери да эң кызыктуу. Ийнеликтен күчтүү органдарынын бири-көзү болуп саналат. Анын көзү 30 миңдей фасеткадан турат. Көзүнүн өйдөкү бөлүгүндөгү фасеткалар объектилердин формасын гана айырмаласа, төмөнкү жагындагы фасеткалар түстөрдү айырмалайт экен. (189сөз) **Тапшырмаларды аткарыңыз.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | “Odonata” деген сөз эмнени түшүндүрөт? | А)кумурска<br>Б)ийнелик | В) көпөлөк<br>Г)чиркей | |
| 2. | Ийнеликтин дене түзүлүшүнүн кандай өзгөчөлүгү бар? | А) үч көзү белинде жайгашкан<br>В) үч жуп буту көкүрөгүндө жайгашкан<br>Б) капталында беш буту бар<br>Г) личинкасын үстүндө көтөрүп жүрөт | | |
| 3. | Ийнелик кайсы убакта азыктанат? | А) сууга личинкасын таштаганда<br>В) учуп бара жатканда<br>Б) тропикалык өсүмдүктөр гүлдөгөндө<br>Г) чиркей конуп турганда | | |
| 4. | Дүйнө жүзүндө ийнеликтин канча түрү бар? | А)4200<br>Б)4500 | В)4600<br>Г)4800 | |
| 5. | Эки сааттын ичинде канча чымын-чиркей жей алат? | А)отуздай<br>Б)жыйырмадай | В)элүүдөй<br>Г)кырктай | |
| 6. | Ийнеликтин күчтүү органы кайсы? | А)буттары<br>Б)канаты | В) бели<br>Г)көзү | |
| 7. | Ийнеликтин көзү канча фасеткадан турат? | А)35 миңдей<br>Б)30миңдей | В) 32миңдей<br>Г) 23миңдей | |
| 8. | Ийнеликтин жаратылышта пайдасы кандай? | А) учканы адамдын көңүлүн ачат<br>В) чымчыктардын негизги жеми<br>Б) курт-кумурсканы, алардын личинкаларын жейт<br>Г) адамга жакын болуп, тез үйрөтүлөт | | |

**Бүбүсара Бейшеналиева**

Бүбүсара Бейшеналиева кыргыз балет искусствосунун баштоочусу болуп саналат. Бүбүсара 1936-жылы он жашында кыргыз балдарынын тобу менен келип, Ленинград хореографиялык окуу жайынакирип,окуусунуналгачкыкүнүнөнтартыпбүткүлжан-дүйнөсүнбийгеарнап,сабактарынчоң ынтызарлык менен жакшыокуган.

Бийчи 1939-жылы Чоң театрда өзүнүн чыгармачылыгын эл алдында көрсөтө алган. 1941-жылы окуусун бүтүргөндөн кийин Кыргыз опера жана балет театрына солистка болуп кирген.

Анын аткаруусунда жаралган "Чолпон" балети тасмага тартылып, алтын фондго берилген. Бул балет режиссёр Р.Тихомировдун жетекчилиги астында "Ленфильм" студиясында фильм-спектакль катары тартылган. Ал катышкан "Чолпон" балет-фильми дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө коюлган. Бул фильмди көргөн ар бир көрүүчү бирде абдан сулуу жаркын кыздын, бирде карыган жез кемпирдин образын көрсөтө алган Бүбүсаранын чоң талантына суктанбай коё албайт. Анын көрсөткөн оюну сулуулуктун майрамы эле.

Убагында сынчылар анын талантың өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Өмүрүнүн аягына чейин өзөз бүт бойдон сахнага арнап келди. Анын бийдин кыймыл аркылуу эле аткарбастан, жан дүйнөсү менен эргип, окуяны жүрөгү аркылуу сезе билип, каармандардын бири-бирине окшобогон кулк-мүнөзүн ачкан укмуштуудай артисттик жөндөмдүүлүгүн адистер жазып келишет. Өз иши, кесиби, театр өнөрү дегенде жанын аябаган адам эле.

Балерина көп сандаган образдарды жаратып, театрда үзүрлүү эмгектенди. Анын искусствого сиңирген эмгектерин кеңири баалап, Кыргыз мамлекеттик искусство академиясына Бүбүсара Бейшеналиеванын ысымы ыйгарылган. Бишкекте бийчинин атындагы көчө бар. Анын эстелиги Опера жана балет театрынын жанына орнотулган. Кыргыздын кайталангыс бийчисинин сүрөтү 1994-жылы өлкөнүн 5 сомдук номиналына түшүрүлгөн.

Искусствону жанындай жакшы көргөндүгү, сахнага берилгендиги Б.Бейшеналиеванын адамдык наркын, бай жан-дүйнөсүн жана асыл сапаттарын далил деп турат.(230 сөз) **Тапшырмаларды аткарыңыз.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Б. Бейшеналиева ким болгон? | А)ырчы Б)бийчи<br>В)режиссёр Г)сынчы | |
| 2. | Бийчинин Ленинградга барган максаты кандай болгон? | А) Башка жактардан көптөгөн досторду табуу<br>Б) Чоң шаарга барып, ошол жакта жашап калуу<br>В) Фильмге тартылып, өлкөлөрдү кыдырганы<br>Г) Жан-дүйнөсүн ээлеген балет боюнча билим алуу | |
| 3. | "Чолпон" балетинде жараткан образдарды белгилеңиз. | А) жаш келиндин, орто жаш аялдын<br>Б) сулуу кыздын, жез кемпирдин<br>В) секелек кыздын, улгайган аялдын<br>Г) өспүрүм кыздын, карыган кемпирдин | |
| 4. | Б. Бейшеналиеванын<br>ысымын алып жүрөт. | А)мектеп,студия Б) айыл,шаар<br>В)китепкана,театр Г) академия,көчө | |
| 5. | Убагында балеринанын талантына кимдер көңүл бөлүшкөн? | А) туугандары, балдар Б) достору, мугалими<br>В)сынчылар,адистер Г) ырчылар,режиссёрлор | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6. | Бийчинин эмгекчилдигин эмнеси далилдеп турат? | А) чоң окуу жайды бүтүргөнү, бай жан-дүйнөсү<br><br>Б) жараткан образдары, чыгармачылыгы,наамдары<br><br>В) сахнада эргип бийлегени, бийдеги кыймылдары<br>Г) балет искусствосунун алгач баштоочусуболгону | |
| 7. | Текстте автордун кандай сезими берилген? | А) искусстводон тапкан бакыт<br>Б) чыгармачылыктагы эргүү<br><br>В) сулуулукка, талантка суктануу<br><br>Г) театр өнөрүнүн кыйынчылыктары | |
| **2-бөлүмдүн жыйынтык упайы** | | | |